Токтакун кызы Г.

# БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨДӨГҮ УКУКТУК БИЛИМДЕРДИН ЖАЙЫЛЫШЫ
(Хаммурапи жанаМану мыйзамдарынын мисалында)

Токтакун кызы Г.

# РАСПРОСТРАНЕНИЕ ПРАВОВЫХ ЗНАНИЙ В ДРЕВНЕМ МИРЕ
(на примере законов Хаммурапи и Ману)

Toktakun kyzy G.

# DISTRIBUTION OF LEGAL KNOWLEDGE IN THE ANCIENT WORLD
(Based on the example of the laws of Hammurabi and Manu)

УДК: 340

Хаммурапи жана Манунун мыйзамдарында камтылган байыркы укуктун нормалар, алардын азыркы укук системасындагы ордун изилдөө мамлекеттин жана укуктун теориясы, тарыхы илиминде ар дайым актуалдуулукту жаратып келген. Сунушталган эмгек эң байыркы укук эстеликтери – Хаммурапи мыйзамдары менен Манунун мыйзамдарына укуктук мүнөздөмө берип, алардын тарыхый калыптануу этаптарын талдоону максат кылат. Байыркы укуктук актылар бири-бирине окшош мүнөздөлгөнү менен ар бири өзүнө тиешелүү айырмачылыктарга ээ. Изилдөөнүн методологиялык негизин салыштырмалуулук, хронологиялык, системалык методу менен илимий объективдүүлүк, тарыхый, социалдык жана башка принциптер түзөт. Илимий изилдөөнүн жыйынтыгы: Хаммурапинин мыйзамдарында диний ырым-жырымдардын дээрлик жоктугу байкалат. Бул анын адамзат тарыхындагы биринчи таза мыйзамдык акт экендигин негиздейт. Ману мыйзамдарында укуктун үстөмдүгү диний-моралдык нормаларга тыгыз байланышкан.

Негизги сөздөр: Хаммурапи мыйзамы, Ману мыйзамы, адат укугу, укуктук эстеликтер, укук тарыхы, коомдук статус, адат, талион принциби, байыркы Вавилон, байыркы Индия.

Нормы древнего мира, содержащиеся в законах Хаммурапи и Ману, всегда создавали актуальность при изучении их места в современной правовой системе, теории государства и права, истории науки. Предлагаемая работа имеет цель придать юридический характер древнейшим правовым памятникам – законам Хаммурапи и законам Ману, а также проанализировать этапы их исторического становления. Хотя древние правовые акты имеют схожие характеристики, каждый из них имеет свои различия. Методологической основой исследования являются относительность, хронологичность, системный метод, научная объективность, исторические, социальные и другие принципы. Результаты научного исследования: в законах Хаммурапи наблюдается практически полное отсутствие религиозных ритуалов. Это делает его первым чисто юридическим актом в истории человечества. В законах Ману верховенство закона тесно связано с религиозными и моральными нормами.

Ключевые слова: Закон Хаммурапи, Закон Ману, обычное право, памятники права, история права, социальный статус, обычай, принцип талиона, древний Вавилон, древняя Индия.

The norms of the ancient world, contained in the laws of Hammurabi and Manu, have always created relevance when studying their place in the modern legal system, the theory of state and law, and the history of science. The proposed work aims to give legal character to the most ancient legal monuments - the laws of Hammurabi and the laws of Manu, as well as to analyze the stages of their historical formation. Although ancient legal acts have similar characteristics, each of them has its own differences. The methodological basis of the study is relativity, chronology, systematic method, scientific objectivity, historical, social and other principles. Results of scientific research: in the laws of Hammurabi there is an almost complete absence of religious rituals. This makes it the first purely legal act in human history. In the Laws of Manu, the rule of law is closely linked to religious and moral norms.

Key words: Law of Hammurabi, Law of Manu, customary law, legal monuments, history of law, social status, custom, principle of talion, ancient Babylon, ancient India.

Коомдун ыңгайлуу жашоосу жана мамлекет нормалдуу иштеши үчүн бардык адамдар жалпы белгиленген эрежелерди ар тараптан кармануусу зарыл. Коомчулуктун талаптары, идеялары жоболор түрүндө берилет. Калктын талабын ишке ашыруу мамлекеттик бийликтин функцияы болуп саналат. Байыркы коомдо мамлекет жок болгон учурда көпчүлүк үчүн негизинен сабаттуу калк арасында ар кандай укуктук билимдер пайда болгон. Аларда камтылган укуктук эрежелер менчик, үй-бүлөлүк, диний, таптык мамилелерди жөнгө салып, негизинен укуктук, диний жана этикалык нормалардын

өзөгүн түзгөн. Алардын катарына байыркы чыгыштагы Хаммурапи жана Ману мыйзамдарын кошууга болот.

Хаммурапинин мыйзамы – байыркы Вавилон коомундагы көптөгөн укуктук маселелерди камтыган [1]. Хаммурапи падышанын мыйзамдары - байыркы Вавилондук укуктун маанилүү эстелиги болуп саналат. Хаммурапи падышанын мыйзамдары байыркы Вавилондун укук турмушунун негизин түзүп, бул мыйзамдар адат укугунун нормаларын, сот практикасын жана императордун указдарынын тикеден-тике жазмасы болуп саналат. Хаммурапинин мыйзамдары тарыхта биринчи укуктук документ, анда сословиелик - таптык бөлүнүштөр, жеке менчикке кол салгандын каардуу жазаланышы, кулдарга кол салуучулук ырааттуу чагылдырылган. Ошондой эле, кул кожоюнун менчиги катары саналып, аны уурдоо жана качкан кулду жашыруу өлүм менен жазаланган. Мыйзамдардын кириш сөзүндө падышаны «Кудайдан корккон даңктуу өз калкы үчүн, өлкөнүн биримдиги үчүн камкор падыша» катарында даңазаланат. Мыйзамдардын жоболору падышалык – храмдык мамилелерди, аймактарында жасалган кылмыш үчүн общинанын коллективдүү жоопкерчилигин, уруу-тектик түзүлүштүн адаттарын укук жагынан бекемдеп жөнгө салган. Укуктун байыркы чыгыштык башка эстеликтериндей эле Хаммурапинин мыйзамдарында кылмыш-жаза укугунун нормалары процессуалдык нормалар менен алмашып, мүлктүк мамилелерди жөндөйт. Мыйзамдар дин, диний ырым-жырымдар менен тыгыз байланышта болгон. Кылмыштын эң оору диний ырым-жырымдарга мүнөздүү укук бузуулар, жергиликтүү кудайларга ишенбегендик менен чын ыкластан эмес мамиле жасоо, антты бузуу кылмышы, жалган күнөө коюу, уурулук, тоноо, ата-энелерге жана улууларга урмат-сый кылбай мамиле жасоо, ойноштук кылуу ж.б. кылмыштар болгон. Күнөөдөн кылмыштан кутулуу үчүн жазалоонун өзгөчө ырым-жырымын гана кылбастан, сөзсүз түрдө чын дилден өкүнүү да чоң мааниге ээ болгон. Вавилондук сот адилеттигинде диний ант берүү чоң роль ойногон. Жалган күбө болуу, жалган жеринен айып кою менен катар ант берүү кылмышына мыйзамдардын биринчи беренелери кокусунан арналган эмес. Себеби алар өзгөчө күнөлүү жана оор кылмыш катары эсептелген.

Хаммурапинин мыйзамдарына укук техникасынын эң эле жөнөкөйлүгү укук нормаларынын формалдуулугу, ырым-жырымдар менен, каймана маанидеги процедура (тартип) менен тыгыз байланыштуулука мүнөздүү болгон. Мисалы, жерди жана кулду бирөөгө берүүдө сөзсүз түрдө кат жүзүндө келишим түзүү жана күбөлөрдүн көзүнчө жүргүзүү талап кылынган. Хаммурапинин мыйзамдарында жалпы эле байыркы чыгыштык нормаларга мүнөздүү болгон бир катар нормалар да каралган. Мисалы, чарбалык иштерге мамлекеттин түздөн-түз кийлигишүүсү, врачтардын, курулушчулардын, корабль куруучулардын эмгек акыларынын өлчөмүн бекитүү, кол өнөрчүнү, малды жана кемени жалдаганда төлөнүүчү акынын өлчөмү, сүткорлордун проценттик акыларынын, эгинге коюлуучу баалардын деңгээли жөнүндө нормалар ж.б. кездешет.

Мүлк мамилелерин жөнгө салууда Байыркы Вавилондун укуктук булактарында көрсөтүлгөндөй падыша, храмдар, общиналар, жеке адамдар жерге ээлик кылууга укуктуу болушкан. Падыша менен храмдын менчик жерлери адамдардын ар түрдүү категорияларына: жоокерлерге, сотторго, соодагерлерге берилген. Хаммурапинин мыйзамынын бир тобу атайын келишимдерге арналган. Барымтага жерди эле эмес, өз үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүн да берүүгө уруксат берилген. Керт башын, мүлкүн, жерин убактылуу пайдаланууга берүү келишимдери өтө эле оор мүнөздө болгон. Жерди ижарага алган адам түшүмдүн үчтөн эки белүгүн ижара акысына төлөбөстөн, жерди жакшыртылган түрүндө кайрып берүүгө милдеттүү болгон [2]. Жеке адамды жалдаганда врачтар менен айыл чарба кызматкерлеринин жана алар менен кулдардын ортосунда акы төлөөнүн чоң айрымалары болгон: айыл чарба кызматкерлерине врачтарга караганда эки эсе, кулдарга караганда беш эсе кымбат төлөшкөн. Жерди иштетүүчү жалданма жумушчунун шарттары да оор болгон. Айдоо жерлерде эгин өстүрбөгөн, дандын тукумун уурдаган, кожоюндун малын алсыраткан жалданма кызматчы дан эгин да төлөп, үстөк да тарткан, үстөктү төлөбөй коюу өлүм жазасына тартылган, анын эки бутун эки азоо байталдын куйругуна байлап өлтүрүшкөн. Тапшырма берүү, сактоо жана жолдошчулук келишимдери соода тармагында кат жүзүндө түзүлгөн, аны бузгандыгы үчүн эки тарап тең үстөк төлөм төлөө менен кутулушкан.

Никелешүү жана үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуу байыркы Вавилондо үй-бүлө патриархалдык мүнөздө болгон. Бирок байыркы Вавилондук аялды толук бойдон укуксуз деп айтууга болбойт, анткени ал күбө боло алган, күйөөсүнүн же уулунун көзүнчө келишим түзө алган, үй-бүлөлүк мамилелерге кулдар да аралаша алышкан. Мисалы, аялы баласыз болсо, тукум күңдөн алынган. Эркин адамга бала төрөп берген күң күмүшкө сатылбаган, ээси өлгөн соң эркиндикке чыгарылган. Нике келишим менен бекемделген, келишимди күйөө менен келиндин атасы экөө түзүшкөн. Кээ бирде күйөөнүн кулчулук абалы да никеге тоскоол боло албаган. Никенин эң эле кеңири тараган шарттарынын

бири сатык баасы (тархатум – калың) болгон, аны күйөө колуктусунун үй-бүлөсүнө жумушчу күчүн жоготкондугу үчүн ордун толуктоо иретинде төлөгөн. Адегенде задаток (библиум) төлөнүп берилген. Никелешүү келишими күйөө тарабынан бузулса ал задатканы да, сатык баасын (берген калыңын) да жоготууга алып келген. Нике аялдар үчүн гана моногамдуу болгон. Эри болсо күңү менен, же башка аял менен жашоого, андан балалуу болууга, баласын асырап алууга укуктуу болгон [3]. Патриархалдык мамилелер эри менен аялын гана эмес, атасы менен балдарын да байланыштырган. Атасы балдарынын үстүнөн өмүр жана өлүм укугун билбеген. Бирок оор карызына берүүгө, кызын күчкө салып адамга эрге берүүгө, оор күнөөсү үчүн уулун мураскорлуктан же мураска алуучу үлүшүнөн ажыратууга укуктуу болгон. Бул жагдай Вавилондо осуят боюнча мурастоонун укуктук институту пайда боло баштаганын айгинелейт. Жалпы эреже болуп үй-бүлөнүн чегинде мыйзам боюнча мурастоо эсептелген. Эркек балдары атасынан калган мүлктү тең бөлүштүрүп, өз үлүштөрүн мураска алышкан, кыздары сеп алышкан. Эгер балдары ар башка энелерден же күңдөрдөн туулуп, бирок атасы тарабынан моюнга алынган болсо бардыгы мурастоо укуктарында тендештирилген.

Кылмыш жана жаза нормаларына келсек, Хаммурапинин мыйзамдарында биздин учурдагы кылмыш жаза укугуна тиешелүү принциптер болгон эмес, бирок күнөөгө жаап-жашырууга, күнөөнү оордотуучу жагдайларга (өлүмгө-өлүм) тиешелүү бир катар жоболор кездешет. Өлүм жазасы коом үчүн чоң коркунучтуу кылмыштар үчүн да колдонулган. Ал сууга чөктүрүү, өрттөө, дене мүчөгө зыян келтирүүчү жазалар (колун, бармактарын, кулагын, тилин кесип таштоо) жана анын ичинде өч алуу принциби (талион) боюнча жазалар колдонулган. Хаммурапинин мыйзамдарында нормалардын чоң бөлүгү адамдын керт башына, менчик мүлкүнө каршы жазалган кылмыш-жазага арналган. Жаза берүүдө өзгөчө байыркы вавилондук укуктун сословиелик-таптык мүнөзү даана сакталган. Дене мүчөгө зыян келтирген кылмыш жазасынын оордуугу да, үстөктүн өлчөмү да кылмышкердин жана жабырлануучунун социалдык абалына жараша дайындалган. Талион принциби боюнча жазалар эки тарап тең барабар болгондо гана колдонулган. Кулдун денесине келтирилген зыян үчүн анын наркынын жарымы кожоюнуна берилген.

Сот процесси Хаммурапинин мыйзамдарында кылмыш-жаза жана жарандык сот өндүрүшүндө так айырмалар болгон эмес. Иш мамлекеттик органдар тарабынан да, жеке адамдар тарабынан да козголо алган. Көп учурларда доочу менен жабырлануучу жоопкерди же айыпталуучуну өздөрү сотко алып келишкен. Өтө коркунучтуу кылмышкерлерди издөө жана камакка алуу падышанын жер жердеги башчыларынын иши болгон. Доочу да, жоопкер да далилдерди өздөрү кызыктар далилдерди камсызашкан. Далилдөөнүн эң манилүү ыкмасы болуп күбөлөрдүн, өзгөчө ант берүү менен коштолгон далилдери эсептелген [4].

Манунун мыйзамдары – байыркы индиялык укуктун эстелиги болуп саналат. Байыркы Индиянын социалдык-экономикалык жана мамлекеттик өзгөчөлүктөрүн чагылдырган укуктук эстелик катары таанымал. Алардын ичинде дхармашастраларга – диний жана укуктук тыюу салуу эрежелерине (дхармаларга) өзгөчө роль таандык. Дхарма – бул ар бир укук ишенимине татыктуу жарандын жүрүм-турумунун нормасы, анын жашоосун аныктаган милдеттүү эрежелердин жыйындысы. Бул норма бир эле учурда диний, моралдык жана укуктук мазмун менен жуурулушкан. Дхармашастралар коомдун социалдык-таптык карама-каршылыктарынан болгондугуна байланыштуу брахмандар тарабынан түзүлгөн. Алар адат укугунун нормаларына, калыптанган сот практикасына жана падышалык указдарга таянып, өздөрүнүн диний-этикалык, укуктук түшүнүктөрү менен түрдүү доорлордон жана көз-караштардан алынган материалдар менен толукташкан. Дхармашастралардын арасында Манунун мыйзамдарына өзгөчө орунду ээлейт. Өзүнүн таптык мазмуну боюнча Манунун мыйзамдары байыркы Индиялык коомдун эксплуататордук төбөлдөрүнүн – брахмандар менен кшатрийлердин эркин билдирип, кулчулуктун жана эмгекчилер массаларын эксплуатациялоонун башкы формаларын бекемдеген.

Мүлк мамилелерин жөнгө салуу. Манунун мыйзамдарында байыркы Индиялык коомдун жашоо ишмердигинин ар түрдүү катмары, общиналык, касталык, патриархалдык байланыштардын жана жер мамилелеринин туруктуулугу, жер жана мүлк менчигин коргоо чагылдырылган. Бирөөнүн мүлкүн мыйзамсыз ээлеп алуу, жок кылып жиберүү же зыян келтирүү, уурдоо үчүн катуу жаза колдонуу ж.б. каралган. Жарандардын мүлккө ээ болуунун 7 жол-жобосу мыйзамдуу эсетелген. Аларга:

1. Мурастоо жолу менен;
2. Белекке алуу;
3. Сатып алуу;
4. Жеңип алуу;
5. Карыздан өндүрүп алуу;

6. Тапшырманы аткаргандыктын жыйынтыгында;
7. Кайырчылыктан негизинде соопчулука берилген буюмдар кирген.

Манунун мыйзамдарында ошондой эле келишимдин жана соттук териштирүүнүн түрлөрү, ыкмалары да каралган. Мыйзамдарда жалпы эле келишимдерге тиешелүү принциптер: ыктыярдуулук жана аң-сезимдүүлүк көрсөтүлгөн. Мастар, кем акылдар, жаш балдар, карыялар тарабынан же алдоо, коркутуу жолдору менен түзүлгөн келишимдер мыйзамга жат келген жараксыз деп таанылган. Кулдардын түзгөн келишими кожоюнунун пайдасы үчүн болсо гана жарактуу деп табылган. Жалданган адам эгер ишти аткарбаса, оору болсо да штраф төлөгөн. Ал өзүн кулдукка берүүгө аргасыз болгон. Байыркы Индиялык адабий булактарда кул менен жалданма кызматчынын коомдук, укуктук абалы бирдей мүнөздөлүп көп айырмачылыкты кездештирүүгө болбойт. Ошондой эле, соода келишими жакшы өнүккөн эместигин байкоого болот [5].

Кылмыштардын катарында кыймыл-аракети менен кордоо, уурулук кылуу, жубайына чыккынчылык кылуу, падышага каршы жана ошол учурдагы башкаруу режимге каршы багытталган аракеттер, өлтүрүү, дене мүчөгө зыян келтирүү ж.б. болгон. Манунун мыйзамдарында жазага арналган атайын тизмелер жок. Жаза кылмышкердин же жабырлануучунун социалдык жана мүлктүк абалына жараша оорлоп же жеңилдеп турган. Общинадан, кастадан айдап жиберүү же жакын адамынын өлтүрлүгөндүгү үчүн мүлк төлөө жаза деп эсептелген.

Никелешүү жана үй-бүлө мамилелерин жөнгө салуу боюнча Манунун мыйзамдарынун IX-бөлүмү арналган. Аялдардын эркектерге баш ийген абалын жана чоң патриархалдык үй-бүлөнүн болгондугу жөнүндө тарыхый маалыматтар тастыктайт. Аялдар эркектеринин жанында ар дайым болуп, эркектерге толук көз каранды абалда жүргөн. Аялдын башкы милдети бала төрөө жана үй-бүлөгө кам көрүү болгон. Көп аял алуу жалпыга таанылган көрүнүш болгон (брахман төрт жолу үйлөнүп, төрт аял ала алган).

Үй-бүлөлүк мамилелер да касталык мүнөздө болгон. Бирок эркектердин таза тукуму сакталууга тийиш болгон. Ал аялынын таза жүрүм-турумун жана эри тарабынан тыкаан корголушун талап кылган. Мында «эркектердин таза тукуму» менен «уйлардын таза тукуму» бирдей теңдикте каралып, болмуштун кайталанып тегеренип жүрүү идеясына баш ийдирилген. Адам бирде киши катарында туулса, бирде чымчык, бирде жырткыч, бирде мал болуп туулуп, анан алар бири-бирине айланып жашай беришет деген ишенимде жашашкан.

Ману мыйзамы боюнча сот процесси негизинен жарыш мүнөзүндө болгон. Жабырлануучу же кредитор өзү күбөлөрү менен жоопкерди сотко алып келтиришкен. Күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүнө чоң маани берилген. Доого кызыктар болгон адамдар, бир туугандар, касташкандар, мурдакы жалган күбөлүгүнүн бети ачылгандар, ооруга чалдыккандар, оор күнөө кылгандар күбө катарында тартылууга укуксуз болушкан. Айрым бир өзгөчө убакта, башка күбөлөр жокто гана кулдар, карыялар, балдар күбө боло алышкан. Болгон окуяны өз көзү менен көргөндөрдүн көрсөтмөлөрү баалуу деп таанылган [6].

Жыйынтык. Ошентип, жогоруда байыркы укуктук эстеликтери болгон Хаммурапи жана Манунун мыйзамдарында биз окшоштуктарды да, айырмачылыктарды да табабыз. Айырмачылыктар биринчи кезекте тексттин берилишине байланыштуу. Ману мыйзамдары Хаммурапи мыйзамдарынын кодексине салыштырмалуу алар так түзүлүшкө ээ. Хаммурапинин мыйзамдары Чыгыштын көпчүлүк башка байыркы эстеликтеринен айырмаланып, Хаммурапи кодекси жеке укуктук нормалар үчүн ыйык диний мотивациянын дээрлик жоктугу менен мүнөздөлөт. Бул анын адамзат тарыхындагы биринчи таза мыйзамдык акт экендигин негиздейт. Ману мыйзамдарында материалды берүүнүн белгилүү бир логикасын байкоого болот. Бирок укуктун айрым тармактарын аныктоо мүмкүн эмес, укуктун үстөмдүгүн диний-моралдык нормадан бөлүп кароого болбойт.

Адабияттар:


1. Интернет ресурс: https://studfile.net/preview
2. Керимбаев М.К. Чет өлкөлөрдүн мамлекети менен укугунун тарыхы. Бишкек 2006. 39-б.
3. Саггс Г.С. Величие Вавилона. История древней цивилизации Междуречья / пер. с анг. Л.А. Игоревского. М., 2012. 464 с.
4. Перепёлкин Ю.Я. История Древнего Египта / под ред. А.Е. Вассоевича. Спб. 2000. 561 с.
5. Горбачёва Е. В. Мировой опыт распространения правовых знаний /под ред. А. В. Федичева. Москва 2016. 36 с.
6. Иловайский Д. И. Разыскания о начале Руси. Вместо введения в русскую историю. Москва 2015. 51 с.